# КЫРГЫЗ ТИЛИ

***2-категория (5–6-класстар)***

*Узактыгы: 60 мүнөт | Жалпы балл:*

## 1- Бөлүм: Лексика- Грамматика (20 тапшырма)

1. Кептин түрлөрү канчага бөлүнөт?

А)1 Б)6 В)3

2. Мыйзам кайсы иш кагазына кирет?

А)Расмий иш кагазы

Б)Расмий эмес иш кагаздар

В)Публисистикалык иш кагаздар

3. Сүйлөм айтылыш максатына карай канчага бөлүнөт?

А)3 Б)4 В)2

4. Баш мүчөлөргө кайсылар кирет?

А)Ээ, аныктооч Б)Ээ, бышыктооч В)Ээ, баяндооч

5. Баатыр элден чыгат. Сүйлөмдөгү толуктоочту тап.

А) Элде Б) баатыр В) чыгат

6. Толуктооч кандай суроолорго жооп берет?

А) Кимдин? Эмненин? Б)Кайда? Качан? В)Кимге? Эмнеге?

7. Тилек, Атай,Умар бир класста окушат. Сүйлөмдөгү бир өңчөй мүчөнү тап?

А)класста чогу окушат Б)Тилек, Атай, Умар В)бир класста окушат

8. Баш мүчөлөрдөн гана түзүлгөн сүйлөм. Бул ... ?

А) Жалаң сүйлөм Б)Жайылма сүйлөм В)Татаал сүйлөм

9. Сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун кимге? эмнеге? Арналгандыгын билдирген сөздөр

А)Сырдык сөздөр Б)туранды сөздөр В)каратма сөздөр

10. Сүйлөм грамматикалык түзүлүшүнө карай канчага бөлүнөт?

А)4 Б)2 В)3

11. Кыргыз тилинде сөздөрдү туура айтуу эрежелерин үйрөтөт.

А)Орфоэпия Б)Орфография В)Лексика

12. Шаар сөзүнүн синонимин белгиле

А) калаа Б)айыл В) кыштак

13. Төмөнкү жуптардын ичинен омонимдерди белгиле.

А) алыс- жакын Б)айыл-айыл В)көк-көк

14. Мүчөнүн канча түрү бар?

А)4 Б)2 В)1

15. Төмөнкү мүчөлөрдүн ичинен сөз жасоочу мүчөнү тап.

А)-лар; Б)-чы; В)-нын

16. Кыргыз тилинде канча сөз түркүмү бар?

А)8 Б)10 В)12

17. Зат атоочтор түзүлүшүнө карата канчага бөлүнөт?

А)2 Б)3 В)4

18. Ой- сөздүн булагы. Аталган сүйлөмдө зат атооч сөздү тап?

А)Сөздүн Б)булагы В)ой

19. Затты үч жактын бирине таандык кылып көрсөткөн мүчөлөр ... деп аталат

А)Көптүк мүчөлөр Б)таандык мүчөлөр В)Жекелик мүчөлөр

20. Сын атоочтун сөз жасоочу мүчөлөр менен жасалышы кандай жак деп аталат?

А)Морфологиялык жол Б)синтаксистик жол В)фонетикалык жол

## 2- Бөлүм:. Окуп Түшүнүү

Текстте берилген маалыматты түшүнүү, талдоо тыянак чыгаруу билгичтиги текшерилет.

## 2.1. Бөлүк.

Диалогдун башталышын оку. Андан кийин жооптордун варианттарын окуп, бир туура жоопту танда.

— Салам, Нурбек! Сен эмне үчүн кечигип калдың?

— Салам. Эртең менен убактымды туура бөлө алган жокмун.

— Кантип?

— Телефон менен көп алек болуп кеттим.

— Анда сабактарыңа таасир этпейби?

— Ооба, кээде тапшырмаларды убагында аткара албай калам.

— Убакытты туура пайдалануу абдан маанилүү да.

— Туура айтасың, эми күн тартибин түзөм.

1. Нурбек эмне себептен кечигип калды?

а) Уйкусу канбай калды

б) Убакытты туура бөлө алган жок

в) Мектепке баргысы келген жок

2. Ал убактысын көбүнчө эмне менен өткөргөн?

а) Китеп окуу менен б) Спорт менен в) Телефон менен

3. Телефонго көп алаксыгандыгы эмнеге алып келген?

а) Сабакка кызыгуусу арткан

б) Тапшырмаларды убагында аткарбай калган

в) Достору көбөйгөн

4. Диалогдон кайсы ой негизги болуп эсептелет?

а) Телефон пайдалуу

б) Убакытты туура пайдалануу маанилүү

в) Сабактар жеңил

5. Нурбек мындан ары эмне кылууну чечти?

а) Телефон колдонбойт б) Сабакка барбайт в) Күн тартибин түзөт

## 2.2. Бөлүк.

Текстти оку. Текст боюнча тапшырмаларды аткар.Жооптордун ичинен бир вариантты танда.

**Түлкү менен кыргоол**

Түлкү калын бакты аралап келе жатып дарактын башында отурган кыргоолду көрүп, жанына жакын келип: “Саламатсызбы, кыргоол жан, абалың кандай?”- деп сурады. Кыргоол: “Жакшы өзүң кандай турасың?”- десе, түлкү “Бир кулагым жакшы укпайт. Төмөн, жерге түшсөн боло, сүйлөшөлү”,деди. Кыргоол “Жерге түшүүдөн корком. Ал жерде ар түрдүү айбанаттар бар. Бизди жеп коюшу ыктымал”. “Эй, досум, быйылкы заман былтыркы заман эмес, азыр эле угуп келдим. Биреөнү биреө зордобосун, кой менен карышкыр, түлкү менен тоок бирге жүрсүн деген буйрук чыгыптыр”,- деди тулкү. “Жакшы кабарын бар экен. Ыракмат, досум. Арт жакта иттер келатат. Аларга дагы жаны кабарыңызды айтып коюңуз. Угуп калышсын”,- деди. Муну укканда тулкү кулагын жапырып, алды- артына карабай качып жөнөдү. Кыргоол: “Туке, кайда барасың,буйрукту унутуп калдынбы?”деп кыйкырды. Анда түлкү: “Ким билсин, мүмкүн алар буйрукту уга элек чыгар”,- деп күңкүлдөгөн бойдон качып жөнөдү.

1. Түлкү кайда бара жатып кыргоолду көрдү?

а) Айылдын ичинде б) Калың бактын ичинде в) Талаада

2. Кыргоол кайсы жерде отурган?

а) Жерде б) Бадалда в) Дарактын башында

3. Түлкү кыргоолго кандайча кайрылды?

а) Буйрук берип б) Салам айтып, сылык сүйлөп в) Коркутуп

4. Түлкү эмне үчүн кыргоолду жерге түшүүгө чакырды?

а) Кыргоолду жеп коюу үчүн

б) Сүйлөшкүсү келген үчүн

в) Жардам бергиси келген үчүн

5. Түлкү кулагы тууралуу эмне деди?

а) Эки кулагы укпайт б) Кулагы ооруйт в) Бир кулагы жакшы укпайт

6. Кыргоол жерге түшүүдөн эмне үчүн коркту?

а) Учкусу келбегендиктен

б) Аба ырайы жаман болгондуктан

в) Ал жерде жырткычтар бар болгондуктан

7. Түлкү кыргоолду ишендириш үчүн эмне деди?

а) Өзү аны коргой турганын

б) Жаңы буйрук чыкканын

в) Иттер жок экенин

8. Түлкү айткан буйрук эмнени билдирет?

а) Баары тынч жашасын

б) Айбандар токойдон чыкпасын

в) Күчтүүлөр алсыздарды жесин

9. «Кой менен карышкыр, түлкү менен таук бирге жүрсүн» деген сөз эмнени түшүндүрөт?

а) Жомоктогу тамаша

б) Айбандар достошту деген жалган сөз

в) Чыныгы мыйзам

10. Кыргоол түлкүнүн сөзүнө ишендеби?

а) Толук ишенди б) Ишенбей калды в) Акылдуулук менен жооп берди

11. Кыргоол түлкүгө эмне деп жооп кайтарды?

а) Жерге түштү б) Иттер келатканын айтты в) Унчукпай калды

12. Иттер тууралуу укканда түлкү эмне кылды?

а) Иттерди күттү б) Качып кетти в) Кыргоолго чуркады

13. Түлкүнүн чыныгы мүнөзү кандай экени көрүнүп калды?

а) Боорукер б) Ак ниет в) Айлакер, коркок

14. Кыргоолдун “Туке, кайда барасың?” деген сөзү эмнени билдирет?

а) Коркуу б) Тамаша иретиндеги шылдың в) Өкүнүү

15. Бул жомоктон кандай жыйынтык чыгарууга болот?

а) Ар кимге ишене бербөө керек

б) Баардык айбандар дос

в) Күчтүүлөр дайыма жеңет